И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору профессор Рысбаев Сулайман Казыбаевичтин изденүүчү **Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы” аттуу 13.00.02.-окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тууралуу

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИК ПИКИРИ

**Илимий жетекчиси:** Муратов Абдыкерим Жаркынбаевич, педагогика илимдеринин доктору, профессор.

**Изилдөөнүн темасынын адистикке дал келиши**. Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы” деген темадагы адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин адистигине туура келет;

**2. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Аталган изилдөө бүгүнкү күндө мектепте кыргыз адабиятын, анын ичинде, Адабий окуу предметин окуп-үйрөнүү методикасы илими үчүн актуалдуу, себеби:

-башталгыч класстын окуучуларына жомокторду окутууда анын окуясы менен оң-терс каармандарынын образдарын сөз кылуу менен чектелип, анын идеясын, тарбиялык баалуулуктарын талдоого жетишерлик көңүл бурулбай келгендигинде;

-жомокторду окутуу боюнча айрым методикалык изилдөөлөр, корголгон диссертациялар болгону менен, Адабий окуу китептеринде берилген жомокторду окутуу багытында атайын изилдөөлөр жүргүзүлбөгөндүгү, илимий-теориялык жактан бирдиктүү пикир айтылбагандыгы;

-жомокторду окутуунунун методикалык негиздеринин системалуу түрдө иштелип чыкпагандыгы жана анын бирдиктүү заманбап технологиясынын иштелип чыга электиги изилдөөнүн актуалдуу экендигин далилдейт.

**3. Изилдөөнүн илимий жыйынтыктары:** *-изилдөөдө Адабий окуу предметин окутуу методикасы илими үчүн маанилүү төмөндөгүдөй корутундулар алынган*:



И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 119 «11» 04 2022 ж/г

*1-жыйынтык:* кыргыз мектептеринин 1-4-класстарында учурда жомокторду окутуунун абалы, бул боюнча окуучулардын билиминин сапаты жана деңгээли изилденип, аныкталган;

*2-жыйынтык:* буга айланыштуу мектеп практикасында учураган кемчиликтердин себептерин үйрөнүү менен, аларды жоюунун жолдору сунушталган, республиканын алдыңкы мугалимдеринин иш-тажрыйбалары, андагы натыйжалуу идеялар жалпылаштырылган;

*3-жыйынтык*: башталгыч класстарда жомокторду окуп-үйрөнүүнүн психологиялык –методикалык өзгөчөлүктөрү, анын методикалык негиздери аныкталып, заманбап технологияларга ылайык окутуунун усулдары жана жолдору сунушталган;

*4-жыйынтык:* сунуш кылынган окутуу системасынын натыйжалуулугун аныктоо үчүн педагогикалык тажрыйбалар жүргүзүлүп, жыйынтыгында, жаңыча сунуштар айтылган.

Аталган багытта заманбап методиканын жана технологиялардын иштелип чыкпагандыгы изилдөөнүн керектүү экендигин далилдейт.

**4. Диссертациядагы алынган натыйжалардын негизделишин жана ишенимдүүлүгүн булар далилдейт:**

*1-жыйынтык:* темага жараша “жомок” жана “адабий жомок” деген түшүнүктөр теориялык жактан талданып, андагы корутундулар изилдөөгө негиз катары алынган;

*2-жыйынтык*: жомок боюнча теориялык-методикалык жана психологиялык адабияттар окуп-үйрөнүлүп, андагы урунттуу көз караштарга таянылган, т.а, жомоктун ааламдашуу доорундагы балдар үчүн мааниси чечмеленип, улуттук жомоктордун маани-маңызына баа берилген;

*3-жыйынтык*: учурда колдонулуп келаткан “Адабий окуу” китептери терең анализденген жана андагы жомокторду талдап үйрөнүү усулдарын мындан ары да өркүндөтүү сунуштары айтылган, т.а жомокторду окутуунун методологиялык, методикалык негиздери, балдарга жомок окутуунун мааниси, анын баланын психологиясына тийгизген таасири, жомок окуп берүүнүн методикалык системасы иштелип чыккан;

*4-жыйынтык*: жомоктордун идеялык-тематикалык, сюжеттик-мазмундук өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун бирдиктүү ыкмасынын түзүлгөн.

**5.Диссертациялык иштеги илимий жыйынтыктардын жаңылыгынын деңгээли:**

**1-жыйынтык** учурдагы глобалдашуунун шарттарында кыргыз баласынын таалим-тарбиясын элдик жомоктордогу мыкты таалим-тарбиялык идеяларга таянып жүргүзүү зарылдыгы алдыга коюлган;

**2-жыйынтык** -жомоктордун өзгөчөлүктөрүнө жараша окутуунун жолдору жана ыкмалары иштелип чыккан, т.а. жомоктун сюжети, мааниси, тили, ички логикалык конструкциясы талданып, балдарга жомок окуп берүүнүн ыкмалары сунушталган жана жомок окуп берүүнү уюштуруу жолдору иштелип чыккан (жомок окуганга чейинки иш, жомокту окуу жана андан кийинки талдоо иштери);

**2-жыйынтык** -жомоктордогу элдик педагогиканын баалулуктары катары адабий окуу сабактарында анын маани-маңызын ачып берүүнүн маанилүүлүгү каралган;

**3-жыйынтык** - сабактарда жомоктун маанисин ачуу менен андан алуучу компетенттүүлүктөр аныкталган, сөздүк жумуштарынын түрлөрү, сюжеттик-композициялык түзүлүшүн талдап үйрөнүү, окуу жана түшүнүү ыкмасынын натыйжалуу технологиялары колдонулган;

**4-жыйынтык** Жомок улутту таануунун каражаты, кыргыз этносунун психологиялык өзгөчөлүктөрүн жомок аркылуу балдарга жеткирүү жана ал аркылуу улуттук иденттүүлүккө тарбиялоо ыкмалары иштелип чыккан, ошол аркылуу Адабий окуу сабактарында жомокту окуп-үйрөнүү жана талдоо боюнча бирдиктүү система түзүлгөндүгү.

Тактап айтканда: ж*омокторду үйрөтүүнүн методикалык ыкмалары:* текстти көркөм окуу; текстти түшүндүрүп окуу; тексттин айланасында баарлашуу; окуучунун жеке кабылдоосуна жараша чыгармачылык менен аткарылуучу тапшырмаларды аткаруу ж.б.

*Жомокторду үйрөнүүдө окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:* окуу, жазуу; жаттоо; угуу; кайра айтып берүү (жөн гана айтып берүү, көркөмдөп айтып берүү); өз пикирин айтуу (жазуу); текстти иллюстрациялар менен салыштыруу; сөз менен сүрөт тартуу; сүрөт тартуу ж.б.

Жомокту талдоодо текстти талдоонун төмөндөгүдөй түрлөрү пайдаланылган:

1. Проблемалык-тематикалык талдоо.
2. Каармандарды талдоо.
3. Талдоонун «Авторду ээрчип» талдоо усулу.
4. Композициялык талдоо.
5. Лингвистикалык (жомоктун тилин) талдоо.
6. Комплекстүү (аралаш) талдоо, ж.б.

**6. Алынган жыйынтыктардын ички биримдиги**. Изилдөөдөгү алынган жыйынтыктар ички биримдикке, уланмалуулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маанилик байланыштуулукка ээ.

**7. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.** Диссертанттын илимий - изилдөөсү Адабий окуу предметинен жомокторду окутуунун илимий-методикалык проблемаларын, жаңыланган технологияларын колдонуунун негиздерин, методологиясын, методдорун иштеп чыккандыгы менен баалуу. Бул корутундулар - тармак үчүн маанилүү.

**8. Диссертация негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү:** Илимий-практикалык конференцияларында (2013-2021-жылдар) изилдөөнүн проблемалары боюнча докладдар жасалган, III-IV курстун студенттери менен бирдикте Ош шаарындагы, Ош облусундагы, Баткен облусундагы, Жалал-Абад облусундагы мектептерде өткөрүлүүчү педагогикалык практика учурунда иштелип чыккан сунуштардын мугалимдер тарабынан пайдаланылышынын жыйынтыктары текшерилген жана жалпылаштырылган. Натыйжада, изилдөө боюнча 24 макала жарыяланган. РИНЦ статусундагы 4 чет өлкөлүк басылмаларда жарык көргөн.

**9. Авторефераттын мазмуну диссертация менен дал келиши.** Авторефераттын мазмуну диссертациянын мазмуну менен толук мазмундаш жана жоболору, максат-милдеттери, тыянактары, сунуштары бири-бирине дал келет.

**10. Диссерациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кеткен айрым мүчүлүштүктөр:**

-жомокторду окутуунун натыйжасында окуучулар жетишүүчү натыйжалар жана ээ болуучу компетенттүүлүктөр Адабий окуу предметин окутуунун стандарындагы талаптарга жараша дагы да так ачыкталса болмок;

-эксперименттин жыйынтыгын чыгарууда окуучулардын компетенттүүлүктөрүн баалоонун так критерийлери көрүнбөйт жана пайыздык көрсөткүчтөрдү берүүдө сандык-сапаттык анализ берилсе да жакшы болмок.

Бул айтылган сын-пикирлер диссертациянын жалпы мазмунун, анын ийгиликтерин, корутундуларынын баалуулуктарынын деңгээлин төмөндөтпөйт. Алдын ала коргоодогу айтылган сын-пикирлерди изденүүчү дээрлик оңдоп-толуктаган.

**11. КР ЖАКтын “Окумуштуулук даражалдарды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун талаптарына диссертациянын дал келиши.** Жогоруда айтылган алгылыктуу жагдайларды эске алуу менен, изденүүчү

Шербаева Жыпаргүл Рахманбердиевнанын “Башталгыч класстардын Адабий окуу сабагында жомокторду окутуунун методикасы” деген темадагы, адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана

методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык иши тармак үчүн маанилүү деп бааланат. Ал эми, анын автору Ж.Р. **Шербаева** а аталган темадагы, адистиги 13.00.02-окутуу менен тарбиялоонун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) шифрына ылайык жазылган диссертациялык изилдөөсү үчүн педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

**Расмий оппонент:** **Рысбаев С.К., п.и.д., профессор**
**Күнү:** **6-апрель, 2022-ж.**

"Профессор С.Рысбаевдин колун тастыктайм"
КББАнын Кадрлар бөлүмүнүн башчысы:

Дата поступления отзыва
в ДС Д 13.20.623
11.04.2022
Уч. секр. ДС Осмурбаева Д.К.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ